**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**

**СУЗАК РАЙОНУ**
**БАГЫШ АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ**
**КЕНЕШ**

**ЭЛ ДЕПУТАТТАРЫНЫН БИРИККЕН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН**
**VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН VIII КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫНЫН**
**ТОКТОМ № 5**

**30.06.2025-жыл** **Октябрь айылы**

**Багыш айыл өкмөтүнүн 2026-жылга жергиликтүү бюджетин долбоорун бекитүү жана 2027-2028-жылдарга божомолу жөнүндө**

**“**Кыргыз Республикасынын 2026-жылга республикалык бюджети жана 2027-2028-жылдарга пландык мезгили жөнүндө” мыйзамын негиздеп, Багыш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 19-июнундагы 01-15/161 сандуу «Багыш айыл өкмөтүнүн 2026-2028-жылдарга жергиликтүү бюджеттин кирешелеринин жана чыгашаларынын долбоорун айылдык кеңештин сессиясында карап, бекитип берүү жөнүндө» кайрылуусун жана Бюджет, каржы, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик, транспорт, кызмат көрсөтүүлөр жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын туруктуу комиссиясынын чечимин угуп жана талкуулап **Багыш айылдык кеңеши токтом кылат:**

1. Багыш айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин кирешелери 2026-жылга долбоору 74 423,8 миң сом, 2027-жылга божомолу 82 491,0 миң сом, 2028-жылга божомолу 91 359,8 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодекси, Кыргыз Республикасынын токтомдору менен бекитилген нормативдик актылардын негизинде айыл өкмөтүнүн бюджетинин чыгымдары 2026-жылга долбоору 74 423,8 миң сом, 2027-жылга божомолу 82 491,0 миң сом, 2028-жылга божомолу 91 359,8 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

3. Багыш айыл өкмөтүнүн жергиликтуу бюджетинин бекитилген 2026-жылга долбоору жана 2027-2028-жылдарга божомолун жалпы мамлекеттик бюджеттин кошундусуна кошуу үчүн Кыргыз Республикасынын финансы Министрлигинин Сузак башкармалыгына тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Багыш айылдык кеңешинин бюджет, каржы, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик, транспорт, кызмат көрсөтүү жана экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы евге жүктөлсүн.

5. Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыялангандан жана юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлгөндөн тартып өз күчүнө кирет.

**Төрага** **К.Кулмамбетов**